Ал эмне жүрөт
Бул эмне жүрөт
Үйүм толо колхозбайлар
Кошуналар күлөт
Мен байкуш жүрөм
Итке окшоп үрөм
Үй шыпырам тамак жасайм
Күнүгө жүдөйм
Менин тууганым
Сенин тууганың

Урушасың кыйкырасың
Эмне кылганың
Эптеп чыдап кой
Мен да кыйналдым
Кой алтыным туугандарга
Уят кылбагын
Түшүнчү жаным
Канча бут кирсе
Шончо кут кирет
Деген сөз бар элибизде
Сабыр кылсаңчы

Мейли чыдайын
Канча бут кирди
Бут эле кирет бут эле кирет
Куттан кабар жок
Айбул ким болот
Таякемдин бөлөсүнүн жээнинин
Бөлөсүнүн кошунасынын
Жеңесинин иниси
Комерсанты бар
Ичи өлгүдөй тар
Абитуриент студенти

Бекерчиси бар
Туугандарыңдан
Мен тажап буттум
Бут койоорго жер да калбай
Өзүм үйүм тар
Сеники жокпу
Толтура келет
Өзүңдүкүн байкабайсың